## ТАРЫХ, СОЦИОЛОГИЯ / ИСТОРИЯ, СОЦИОЛОГИЯ

УДК: 93.433
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-136-141

**Абдалиева Г.К.**
тарых илим. канд., доц.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Жумалиева В.Б.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
gulzadaabdalieva@gmail.com
**Абдалиева Г.К.**
канд. истор. наук, доц.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
**Жумалиева В.Б.**
старший преподователь
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
gulzadaabdalieva@gmail.com
**Abdalieva G.K.**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
**Zhumalieva V.B.**
Senior Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
gulzadaabdalieva@gmail.com

# И. АРАБАЕВДИН 1916-ЖЫЛДАГЫ КӨТӨРҮЛҮШТӨ КЫТАЙГА КАЧКАН КЫРГЫЗДАРДЫ МЕКЕНИНЕ КАЙТАРУУДАГЫ ОРДУ

# РОЛЬ И. АРАБАЕВА В ВОЗВРАЩЕНИИ БЕЖЕНЦЕВ НА РОДНУЮ ЗЕМЛЮ ИЗ КИТАЯ ВО ВРЕМЯ ВОССТАНИЯ 1916 ГОДА

# THE ROLE OF I. ARABAYEV IN THE RETURN OF REFUGEES TO THE NATIVE LAND FROM CHINA DURING THE 1916 UPRISING

**Аннотация:** Макалада 1916-жылдагы көтөрүлүштө Кытайга качкан кыргыздарды Мекенине кайтарууда И. Арабаевдин орду жана кыргыз-казак элинин өкүлдөрү тарабынан кыргыздарды сактап калуу максатында жардам берүү аракеттери башталгандыгы белгиленет.
**Негизги сөздөр:** 1916-жыл, көтөрүлүш, Кытай, качкын, кайтуу.

**Аннотация:** В статье рассматривается роль И. Арабаева, а также представителей кыргызского и казахского народов в возвращении кыргызов, бежавших в Китай во время восстания 1916 г.

**Ключевые слова:** 1916 г., восстания, Китай, беженец, воозвращение.

**Annotation:** The article examines the role of I. Arabaev, as well as representatives of the Kyrgyz and Kazakh peoples in the return of the Kyrgyz who fled to China during the uprising of 1916.

**Keywords:** 1916, uprisings, China, refugee, return.

Россиядагы Февраль буржуазиялык-демократиялык революциясынын жеңиши, падышачылык бийликтин кулашы тууралуу кабар Чыгыш Түркстандагы кыргыз качкындарына жеткен. Бул кабарды угуп, 1916-жылы көтөрүлүштөн кийин Кытайга качкан кыргыздар Мекенине кайтып келүүнү көздөп, жаңы бийлик социалдык жана улуттук эркиндик менен адилеттикти орнотот деп үмүттөнүшкөн. Кытайдын Карашаар, Лоп, Кашкар, Жаркент жана Кулжа сыяктуу шаарларына, ар кайсы кыштактарына чачыраган кыргыз качкындары жыйылып, жол азыгын камдап алып кайрадан Мекенине кайта башташкан. Бирок Кытайга качып баруу кандай кыйынчылыктар жана жоготуулар менен коштолсо, Мекенге кайтып келүү дагы ошондой эле азап-тозоктор менен коштолгон. Албетте, бул жолу алар бир аз болсо дагы даярдыгы болгондуктан жана жаз алды менен жолго чыгышкандыктан, Кытайга качып келе жаткан бир жыл мурдагыдай жаратылыштын оорчулугу менен азабын анча көргөн эмес.

Убактылуу өкмөт менен келгин дыйкандар кыргыздардын Мекенине кайтып келишине тоскоолдуктарды жаратып, кошумча чек арачыларды коюп, эки өлкө ортосундагы чек араны бекемдөөгө аракеттенип, кыргыздарды мурунку отурукташкан жерине кайтаруу маселесине өтө кылдат мамиле жасоо керек – деп белгилеген. Кытайдан кайтып келе жаткан кыргыздардын алдынан курал-жаракчан орус-казактар тосуп чыгып, тоноп, сулуу кыз-келиндерин олжолоп, мал-мүлкүн талап алып, өзүлөрүн өлтүрүп турган. Мисалы, сентябрь айында Бедел ашуусун ашып келе жаткан бугу кыргыздарынын желдең уруусунан 150 адамы өлтүрүлгөн.

Кытайдан Мекенине кайтып келе жаткан кыргыздардын кайгылуу тагдырын фольклорист Ыбрай Абдырахманов: «Турпандан кайра кырылып келе жаткан кыргыздарды поселкалардагы орус дыйкандары топтошуп, ашуу белдерден кыра баштаган. Ат-Башынын Босого жолунан тосуп, Алешке деген орус Кытайдан келе жаткан 200 кыргызды өлтүргөн. Алешке өзү Ысык-Көлдүн Байсоорун деген кыштагынан болгон. Ат-Башыга келип, чек арада иштеп жүргөн. Бул Алешке Ат-Башыдагы кыргыздардын айылдарына келип, үйлөрүнөн буюмдарын алып, уруп-согуп, мылтык менен аткылап коркутуп турган. Мындай бейбаштыктар Ысык-Көл, Чүйдө да эң көп болгон. Мисалы, Ысык-Атадан Асыл деген кишинин айылына келгин дыйкандар 13 адамды өлтүрүп, мал-мүлкүн алып кетишкен. Келгин дыйкандардын зомбулугу 1916-жылдан 1918-жылга чейин өкүм сүргөн» - деп эскерген [1, 8-б.].

Айтор, Убактылуу өкмөттүн жергиликтүү башкаруу уюмдары менен уюмдашкан келгин дыйкандар чек арадан өтүп, Мекенине келген кыргыздардын өз жерлерине келишине тоскоолдуктарды жаратып, кыргыздарга карата жазалоо иштерин тымызын өз алдынча жүргүзө беришкен. Мисалы, Пржевальск уезддиндеги Валерьяновка айылында мурдагы жазалоочу отряддын жетекчиси А.И. Гейциг жетектеген топ Синьцзяндан келе жаткан кыргыздарды мыкаачылык менен өлтүргөн. Ал эми Ырдыкта 42 адам өлтүрүлүп, 15-и оор жарадар болгон. Пржевальск уезддинин батыш тарабынан орус кулактарынын атайы уюшулган тобу келе жаткан бейкүнөө 200 качкынды өлтүргөн. Апрель айында Покровка жана Кольцовка кыштактарынын орус кулактары аскерден келген уулдары менен бирдикте

жергесине кайтып келе жаткан 9 кыргызды туткундашкан. Аларды ур-токмокко алып, кийизге ороп, май куюп, тирүүлөй өрттөп жиберишкен. 40 адамдан турган кулактардын отряды кайтып келе жаткан кыргыздарды капчыгай ичинен тосуп алышып, аларды жырткычтык менен өлтүрүшкөн. Бул сыяктуу мыкаачылыкты, талап-тоноону жана өлтүрүүнү Пишпек уезддинин кулактары да бир канча жолу уюштурганы белгилүү [10, 95-б.].

Качкындарга айрым жергиликтүү бийлик ээлери менен казак-орустар ар кандай кысымчылык көрсөтүп жатканына байланыштуу Пржевальск аткаруу комитети бул маселеге арналган атайын жыйналыш өткөрүп, анда Пржевальск уезддинин чыгыш бөлүгүндөгү качкын кыргыздарды Жаркент уезддиндеги казактардын арасына убактылуу орноштуруу менен аларга башпанек берүү керектиги белгилеген. Журт косторо турган бул кыргыздардын көчүн жеткирүүгө унаа болбогондуктан, оору-сыркоолор менен бала-чакасы болуп, 2-3 күндүк жөө жүрүшкө чыдай албай жолдо калышкан. Казак жерине келген кыргыздардын 549 түтүнү Жаркент уезддинин Мерке волостуна 348 түтүнү Чилик волостуна 250 түтүнү Верный уезддинин Кызылбөрүк волостунун казак айылдарына отурукташкан. Казак айылдары өздөрүнүн оор акыбалына карабастан, кыргыздарга жардам берип, камкордукка алышкан. Казак жерине келип, отурукташкан кыргыздардын бул бөлүгү 1920-жылга чейин жашаган [3, 25-б.].

Мал-мүлкүнөн айрылып, оор абалга туш болгон кыргыздар жергиликтүү бийликтегилерге телеграмма жөнөтүп турушкан. Мисалы, 1917-жылы 5-апрелде Пишпек уезддинин Шамшы волостундагы кыргыздардын атынан Б.Түлөкабылов менен М.Кулов Убактылуу өкмөттүн атына телеграмма жиберип: "Биздин кыргыздардын жерлерин тартып алышып, айдап салышууда, токойлорду кыйып, үй-жайларды талкалоодо, бак-шак менен беде талааларыбызды тып-тыйпыл кылып, кыргыздарды кырабыз деп коркутууда, бул жерде бизди коргой турган бийлик да, адам да жок", – деген кайрылуу жиберишкен. Кыргыздар айласы кеткенде, Солдат депутаттарынын аткаруу комитетине дагы кайрылуу жиберишкен. Экинчи телеграммада: «Биздин делегаттар Жети-Суудагы кыргыздардын аянычтуу абалын билдирет. Ырайымсыздык менен келгиндер, Кытайдан кайтып келген кыргыздарды өз жерине жибербей жатышат. Жети-Суудагы келгиндер куралданышкан, ал эми кыргыздар куралсыз, тез арада чара колдонууну суранабыз!» – деген кайрылууну Түркстан аймактык мусульман кеңешине жөнөтүшкөн [9, 11-б.]. 1917-жылы 15-августта Пржевальск уезддиндеги кыргыздардын атынан Келдербаев, Түмөнбаев жана Чимжиев бийлик ээлерине жөнөткөн телеграммада: "Пржевальск уезддиндеги кыргыздарды оокаттуу орустар аёосуз кырууда... Күн сайын талап-тоноо жана өлтүрүүлөр болууда. Кыргыз эли жеринен конуш алууга укуксуз болуп калды. ...Эч кандай каражат жана боз үйлөрү жок, өлүм, ачарчылык, дээрлик бардыгы өлүм коркунучунун алдында. Кыргыздарды сактап калууңуздарды суранабыз", – деп жазышкан [10, 247-б.].

Кайтып келгендерди орус-казактар "көтөрүлүш учурунда тарткан зыяндарыбызды кайтарып алабыз" деген жалган шылтоо менен кыргыздарды, өзгөчө көтөрүлүштүн катышуучуларын, талап-тоноп, жазалашкан. Чүй, Кочкор, Ысык-Көлгө түн жамынып жашынып түшкөн качкындарды «сенде мындай акым бар, малымды айдап кеткенсиң, баланча мужукту өлтүргөнсүң» деп малын төлөтүп, малы жок болсо өзүн өлтүрүп, кыз-келиндерин казакка, таранчы, дунганга сатып турган. Кыргыздын кыз-келиндерин Токмок,

Пишпек (Бишкек), Караколдон орустардан сатып алып, Алматыга алып барып сатуу казак менен уйгурлардын кесиби болуп калган.

Ал эми, Ю. Абдрахмановдун эскерүүлөрүндө Жети-Өгүз капчыгайында жапайы карагат өскөн жерди орус келгини менчиктеп алып, кытайдан келген кыргыздарды карагат терүүгө мажбурлаган. Эгерде оозу-мурду карарып калгандарды, сен карагатты жеп койдуң деп, ал адамдын тилин сундуруп алып, тикенек менен сайдырган [1, 18-б]. Ач-жылаңач калган кыргыздарды кулактар өз чарбасына бекер иштетип андан кийин, аларды өлтүрүп салышкан учурлар көп болгон. Мындай ыкма менен келгин дыйкандар бир гана Пржевальск уезддинен 2000дей адамды жок кылышкан. Архивдик маалыматтарда 1916-жылдагы көтөрүлүшкө катышкан улуу манасчы С. Каралаевдин эскерүүлөрүндө: «Кытайдан кайтып келгенде эле, орустун кулактары кыргыздарды малайлыкка бөлүп алышкан. Кыргыздарды күндүзү иштетишип, түнкүсүн өлтүрүп коюшкан» - деп баяндайт [8].

Белгилүү тарыхчы К.Үсөнбаевдин маалыматы боюнча, Убактылуу Өкмөттүн тушунда орус жазалоочулардын колунан Үркүндөн кайтып келген качкындардын *20 миңден* ашуун өкүлү кырылгандыгы белгилүү [10, 248-б.].

Убактылуу өкмөт өкүлдөрүнүн жардамы кечиктирилгендиктен кыргыз-казак интелегенциясы биригип, Кытайдан кайткан кыргыздар үчүн каражат топтоп, көмөк көрсөтө башташкан.

Кытайдагы качкын кыргыздардын кайгылуу абалын кабарчы А. Найманкожо баяндап турууну өзүнүн милдети катары эсептеген. А. Найманкожонун “Үркүн кыргыздарына жардам комитети” [7] аттуу макаласында кыргыздарды мекенине кайтарууга каражат чогултулуп жаткандыгынан маалымдаган. Алсак, Алматы казактарынын комитети миң сом жыйнагандыгын автор макаласында баяндаган. А. Бөкөйханов, А. Байтурсунов, Амангелди Иманов сыяктуу казак элинин белгилүү инсандары жардам бергендигин “Казак” газетасына жарыяланып турган. Мисалы, М.Дулатов «Ойгон казагын» сатуудан түшкөн акча каражаттын качкын кыргыз туугандарыма арнадым деп жазган. А. Бөкөйханов: «...качкын кыргыздар үчүн казынадан 200 миң сом карыз суроо керек» деген сунушун киргизип, М. Тынышпаевге телеграмма жөнөткөн [4].

1917-жылы Кулжада С. Ювашев төрагалык кылган, 38 адамдан турган “Боскан кыргыздарга жардам” комитети түзүлгөн. Бул комитет Кытайдан кыргыздарды Мекенине алып келүү үчүн акча каражаттын чогулта баштаган.

Комитеттин маалыматы боюнча саясий уюмдардан жана жеке адамдардан жардам көрсөтүлгөн. Мисалы: Кулжа мусулмандарынан З. Алдияров – миң сом, “Тяньшань” шериктигинен – миң сом, М. Кабылбаевден – 500 сом, ага-инилер Ювашевдерден – 400 сом, М. Сабыровдон – 200 сом, С. Хасенов, Х. Бараков, М. Абудкасымов, К. Муктаров, Иргалжан Акун, Р. Ахунбабаевдер – 100 сомдон жардам беришкен. Ал эми Кулжа тургуну Хасен ажы Мусабаев миң кыргыз качкынды багып, 35 миң сом өз каражаттын жумшаган, Кулжадагы жардам комитети – 10 миң сом, Оренбургда татар тилинде чыккан “Вакыт” гезити – 598 сом 22 тыйын, Ыргыз уезддиндеги казактардан – 287 сом 65 тыйын, Павлодар мусулмандар комитети – 275 сом, Актөбө мусулмандар бюросунан – 300 сом, Семей мусулмандар комитетинен – 1 миң сом, Түркестандагы Несировдон – 100 сом, Омбы имамынан –117 сом, Алматы казактарынан – 10 миң сом, Троицидеги Яушевден – 1 миң сом, Кулжа мусулмандарынан –1240 сом, жалпы бардыгы: 14 716 сом жыйналган [5]. Ошол мезгилде

казак элинин айрым белгилүү интеллигенттери качкын кыргыздарга жардам берүү жөнүндө атайын үндөө кабыл алышып, жалпы казак элине кайрылышкан. Үндөө “Алаш азаматтары!” деген чакырык ат менен “Казак” гезитине жарыяланган. Муну менен катар эле, алар качкын кыргыздарга жардам көрсөтүүдө мамлекеттик казынадан карыз акча суроо керек – деп эсептешкен [4].

Казак интеллигенттеринин үндөөсүн агартуучу Ишенаалы Арабаев жактыруу менен кабыл алган [2]. И.Арабаев “Казак” газетасы аркылуу алаштын азаматтарына кайрылып, Кытайдагы качкындарга жардам көрсөтүүгө чакырган. Алаштын азаматтарына кайрылуу– бул тарыхый мааниси бар бүткүл казак элине үндөө болуп саналат – деп жазылган. И. Арабаевдин кайрылуусу менен Улаколдогу кыргыздарга 60 миң, Нарынга 40 миң, Жаркент уеддиндеги кыргыз-казактарга 60 миң, Кулжадагы калган казак-кыргызга 60 миң сом жиберилген [6].

Кайтып келген качкын кыргыздар үчүн Тоңдо тамактануу пункту ачылып, ал жерде алты ай чамасында багууга алынган. Алматыда, Каргалыда пункттар ачылып, качкындар элүү жети күн багылган. Белек Солтоноев качкындар үчүн тамактануучу пункттарды уюштуруучуларын бири болгон [8, 131-б.]. Кара-Коңуздук дунган Булар Магуев Чоң-Дөбөгө ашкана ачтырып, 1,5 миң кыргыз качкынды үч ай баккан [8, 133-б.]. Кытайдан кайткан кыргыз элине берилген материалдык жардам жөнүндө белгилеп жатып, М. Тынышпаев Убактылуу өкмөттөн кем эмес жардамды карапайым эл көрсөткөнүн мойнуна алган. Мисалы, Нарындын Ак-Талаасындагы болуш Мусакожо чоң жардамын көрсөткөн. Кытайдан кайра кайтып келе жаткан элге жардам берип, Нарын дайрасынын жээгине атайын суучулдарын дайындап, келгендерди аркы өйүзгө кечирип алып, айылына багып, үйлөргө бөлүп курсактарын тоюнтуп, тыңыгандан кийин Соң-Көлдү ашырып узатып турган [3, 115-б.].

Убактылуу Өкмөт иш жүзүндө падышачылык өкмөттүн мезгилиндеги кабыл алынган Жети-Суунун 37,355 кыргыз жана казак чарбаларын көчүрүү жөнүндөгү чечимин колдогон. Алардын катарында 10,479 чарба Пишпек жана 22302 чарба Пржевальск уеззддерине туура келмек. Иш жүзүндө, бул маселе жергиликтүү калкты 1916-жылдагы көтөрүлүшкө катышкандыктары үчүн жазалоонун жаңы ыкмасы, жана ошондой эле, аларды Чүй жана Ысык-Көл өрөөндөрүнөн сүрүп чыгарып, бошотулган жерлерди келгин орустарга биротоло тартып берүү аракети менен түшүндүрүлгөн.

Убактылуу Өкмөттүн бул сунушуна ылайык качкындарды жайгаштыруу жана аларга каражат жагынан жардам көрсөтүү максатында 1917-жылдын 12–23-апрелдеринде Верный (Алматы) шаарында кыргыз-казактардын курултайы болуп өткөн. Анын чыгарган токтомуна ылайык, Кашкар, Ак-Суу аймактарынан кайткан кыргыздарды Улахол, Семиз-Бел, Тоң өрөөндөрүнө о.э., Пржевальск аймагынан коопсуз болгон Кочкор, Суусамыр, Жумгал өрөөндөрүнө жана Нарындын башка дагы тоолуу аймактарына жайгаштыруу чечими кабыл алынган [10, 98-б.].

Ушуга байланыштуу Пишпек уезддинин Шаамурза, Ысык-Ата, Шамшы, Кочкор, Тынай ж.б. волостторунун кыргыз өкүлдөрүнүн 1917-жылдын 12-мартында Убактылуу Өкмөттүн Министрлер кеңешинин төрагасына жөнөткөн телеграммасында: «Жети-Суу калкынын баш аламандыгын тынчытуу максатында аскер губернатору жаңы Нарын уезддин түзүү жана ал жакка Пишпек уезддинин 15 болуштукту көчүрүп баруу жөнүндө чечим кабыл алган. Бул күчтөп көчүрүү-козголоң үчүн кыргыздарды жазалоо болмок. Ал жакта кыргыздарды

акырындап тукум курут болуу күттүүдө. Ал эми Пишпек уездинде көп жылдык эмгегибиз менен тургузган бак-шагыбыз, кыштоолор, үйлөрүбүз, мечитибиз, мектебибиз, тегирменибиз ж.б. курулуштарыбыз бар эле. Мунун баардыгын тартып алып, бизди түшүмсүз жерлерге көчүрмөкчү. Жаңы өкмөттү адамгерчиликке чакырмакчыбыз жана бизди көчүрүү жөнүндөгү чечимди жокко чыгарып, байыртадан бери жашап келаткан Пишпек уездинде калтырууну суранабыз», – деп кайрылышкан [3, 81–82-б.]. Ушундай эле өтүнүч менен алар Убактылуу Өкмөттүн Түркстан комитетинин башчысына кайрылышкан. Бирок, алардан эч кандай жооп болгон эмес.

Жети-Суудагы качкындардын оор абалы Ташкентте өткөн мусулман уюмдарынын бириккен чогулушунда да каралып, Пржевальск уезддинин өкүлдөрүнүн катышуусу менен талкууланган. Анда, падышалык бийликтин кулатылгандыгына карабастан, солдаттар, келгин дыйкандар тарабынан кыргыздарды талап-тоноо жана ээнбаштык иштери жүрүп жаткандыгы белгиленген. Чогулуштун чечими менен Жети-Суудагы бардык бошотулган солдаттарды кайрадан чакыртуу, келгиндердин колундагы куралдарды тартып алуу, облустун жапа чеккен калкына жардам көрсөтүү, качкындарды өздөрүнүн жерлерине жайгаштыруу жана алардан тартылып алынган жер, мал мүлктү ээлерине кайтарып берүү талабы коюлган.

Качкындарды кайтаруу жана жайгаштыруу боюнча комиссия түзүлгөнү менен, Убактылуу Өкмөт башкарып турган маалында сакталып калган мурдагы колониалдык бийлик оторчул элементтердин пайдасына чечип берген. Маселен, 1917-жылдын 20-августунда Чыгыш Теңир-Тоодогу Учтурпандан жана Ак-Суудан кайтып келген 400 түтүн сарыбагыш жана тынай болуштуктарын кыргыздарын тоолуу жерлерине жайгаштырган. Ал эми өрөөндүү жерлерге кыргыздардын жайгашуусуна тыюу салынган [5]. 1917-жылы август айында кыргыз жана казак эмгекчилеринин өкүлдөрү колдоо издеп, Ташкентке барышкан. Жети-Суу областына комиссия жиберүү сунушталган, ага жергиликтүү элдин өкүлдөрү да киргизилген.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Абдрахманов. Ю Восстание киргиз в 1916 году / Ж. Абдрахманов. – Фрунзе, 1933.
2. Арабаев И. Бечара кыргыз боорунарды унутпагыла!//Казак гезити. 1917-жыл, 17-июнь.
3. Байдилдеев. Ж. 1916-жылдагы көтөрүлүштөгү бай-манаптардын ролу. – Б., 2016.
4. Казак гезити. 3.04.1917.
5. Койгелдиев. М.Замана санжырасы // Кыргызстан маданияты. – 1990. 22-авг.
6. Махаева А. Кыргыз-казак интеллигенциясынын 1917-жылдагы коомдук-саясий ишмердиги // Рух кенчи. – 2012, апрель. – №4.
7. Найманкожо А. Үркүн кыргыздарына жардам комитети // Казак гезити. 1917-жыл, 3-июнь.
8. Солтоноев Б. Кызыл кыргых тарыхы. – Б., 1993.
9. Письмо мусульманского совета Семиреченского края правительству и испольнительному комитету совета солдатских депутатов о бедственном положении киргиз. 1917 г. РГВИА. Ф.400. Оп.1. Д. 4639. Л. 110.
10. Усенбаев К. Восстание 1916 года в Киргизии. – Фрунзе, 1967.

**Рецензент: тарых. илим. док., проф. Жоошбекова А.**